| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОН РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 10-июну №210 Кара-Коо айылы

**Тоң райондук мамлекеттик администрациясынын балансындагы техникаларды Муниципалдык биргелешкен «Тоң районун өнүктүрүү агенттиги» ишканасынын балансына алууга макулдук берүү жөнүндө**

Муниципалдык биргелешкен «Тоң районун өнүктүрүү агенттиги» ишканасы тарабынан район аймагындагы өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу, ички жолдорду оңдоо инфраструктуралык маселелерди чечүү жана башка чарбачылык иштерди аткарууда техникалык көмөк көрсөтүлүп жаткандыгын эске алуу менен, ошондой эле муниципалдык ишкананын материалдык-техникалык базасын чыңдоо, атайын техникаларды максаттуу жана натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 39-беренесине ылайык, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Тоң райондук мамлекеттик администрациясынын балансында турган төмөнкү техникаларды Муниципалдык биргелешкен «Тоң районун өнүктүрүү агенттиги» ишканасынын балансына алууга макулдук берилсин:

- Komatsu PS300-8MO үлгүсүндөгү каз тамандуу эскаватор;
- Shacman SZL215 үлгүсүндөгү экскаватор;
- Shacman X5000 үлгүсүндөгү оор жүк ташуучу техника;
- Kunbo маркасындагы SVZ9401TDP үлгүсүндөгү жарым чиркегич (трал)

2. Муниципалдык биргелешкен «Тоң районун өнүктүрүү агенттиги» ишканасын өткөрүлүп берилген техникаларды максаттуу жана натыйжалуу пайдаланып, техникалардын сакталышын жана техникалык абалын камсыз кылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**